Каралды:
Педагогикалык кеңештин
№1 протоколунда
"29" август 2022-жыл

Бекитем:
№ 94 жалпы орто билим берүү мектебинин милдетин аткаруучу

Ажыгулова К.К.

# Арыз, даттануулар жана апелляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу жөнүндө жобо

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо № 94 ЖОББ мектебинин Апелляциялык комиссиясынын ыйгарым укуктарын жана ишин аныктайт. Кызмат көрсөтүүнү алуучунун атынан даттанууну анын ата-энеси тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн. Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин түрдө берилет жана арыз ээсинин аты-жөнү, жашаган дарегин, телефон номерин, доонун маңызын, кызмат көрсөтүүнү алуучунун кол тамгасын камтууга тийиш жана берген күнү көрстүлөт. Арыздарды жана доолорду кароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

1.2. Мектептин апелляциялык комиссиясы өз ишинде төмөнкүлөрдү жетекчиликке алат:

• Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамдарынын (мамлекет тарабынан өзгөртүү жана толуктоо) аткарылышын көзөмөлдөө максатында чейрек бааларына, көчүрүү сынактарды, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияларды өткөрүүдө талаш маселелер келип чыккан учурда ишти жөнгө салуу;

• Арыздарды жана доолорду кароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

**2. Комиссиянын курамы:**

• Апелляциялык комиссиянын жеке курамы мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

• Апелляциялык курам окуу жылынын ичинде өз ишин аткарат.

• Апелляциялык курамына төмөнкү талаптарга жооп берген педагогдор кирет: - жогорку педагогикалык билимге ээ; - квалификациялык маалыматтарда жана кесиптик стандарттарда көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарга дал келген; - билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырган уюмдарда иш тажрыйбасы бар болгон;

**3. Комиссиянын милдеттери:**

• Предметтик комиссия ар бир окуу сабагы боюнча ЖМАнын жыйынтыктарын карайт жана ушул Жободо каралгандай, аларды бекитүү, өзгөртүү жана жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат. 9-11- класстын окуучуларынын жазуу түрүндөгү сынактык иштерин

жана оозеки жообун баалоодо предметтик комиссия окуучулардын жарым жылдык жана жылдык бааларын, ошондой эле ЖМАдан алынган жыйынтыктарды карайт, бирок бул учурда сынактан жогору баа коюлбайт.

• Предметтик комиссиянын чечимдери протокол менен бекитилет жана анын мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

• Предметтик комиссия өзүнүн отурумунда ар бир окуу сабагы боюнча ЖМАнын жыйынтыктарын карайт жана ушул Жободо алдын ала караштырылгандай. аларды бекитуу, өзгөртүү жана жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.

**4. Окуучунун (14 жашка чыга элек окуучулар учун) ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) укуктары.**

Кызмат көрсөтүү боюнча талаш маселелер келип чыккан учурда алуучу белгиленген тартипте мектеп директоруна кайрылууга укуктуу. Кызматтар талаптагыдай көрсөтүлбөсө мектеп директоруна оозеки жана жазуу жүзүндө арыз менен кайрылууга укуктуу. Жазуу түрүндө сынактык ишке коюлган баа менен макул эмес учурда окуучу бир күндүк мөөнөт ичинде талаш -тартыш маселелерди чечүү комиссиясына кайрылууга укуктуу.

**5. ЖМАны өткөрүүнүн белгиленген тартибинин бузулушу тууралуу апелляцияны кароо.**

**Талаш комиссиясынын милдеттери:**

Талаш комиссиясы билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органынын чечими менен бир райондук жана мектептин административдик башкаруу аймагында түзүлөт. - Талаш комиссиясы окуучулардын жана алардын ата- энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ЖМАны өткөрүнүн белгиленген тартибин бузуу боюнча маселелерин, ошондой эле коюлган баалар менен макул эместиги жөнүндө арыздарын кабыл алат; кабыл алган чечим тууралуу арыз берген окуучуга жана анын ата-энесине, ошондой эле ПКга маалымат берет. Талаш комиссиясынын иштөө тартиби, курамы жана ыйгарым укуктары билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органы тарабынан ЖМАнын башталышына эки жума калган убакытта аныкталат жана сайтка жайгаштырылат. Талаш комиссиясынын курамы. - билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрү; директорлор кеңешинин, камкордук кеңешинин жана ата-энелер коомчулугунун мүчөлөрү. ПКнын мүчөлөрү ТКнын курамына кирбейт. ТКнын чечимдери протоколдор менен бекитилет. ТК сынак материалдарынын мазмуну жана түзүмү тууралуу апелляцияларды карабайт. Апелляцияны кароо иши. Апелляцияны кароо учурунда анда баяндалган фактыларды текшерүү тийиштүү сынакты уюштурууга жана өткөрүүгө катышкан, же болбосо апелляция берген окуучунун сынак ишин мурда текшерген адамдар тарабынан жүргүзүлбөйт. Өз функцияларын аткаруу максатында ТК ыйгарым укуктуу адамдардан жана уюмдардан керектүү документтерге жана маалыматтарга, анын ичинде сынак иштеринин жана оңдоого мүмкүн боло турган кошумча барактарынын көчүрмөлөрүнө, ЖМАны өткөрүүнүн тартибинин сакталышы тууралуу ПКнын текшерүү протоколдоруна сурам жиберет. Апелляцияны кароо учурунда ТКнын отурумуна каалоосу боюнча окуучулар жана алардын ата-энелери, ПК мүчөлөрү,ошондой эле коомдук байкоочулар катыша алат. Апелляцияны кароо адеп-ахлак ченемдерин сактоо менен, тынч жана ак дилдүү жагымдуу жагдайда өткөрүлөт. Окуучу( ЖМАны өткөрүү жөнүндөгү Жобонун 77-пунктунда көрсөтүлгөндөн тышкаркы учурларда) ЖМАны өткөрүүнүн белгиленген тартибинин бузулушу тууралуу апелляцияда баяндалган маалыматтарды текшерүү максатында билим берүүнүү мамлекеттик башкаруу органы тарабынан ПКнын

төрагасынын, окуучу сынак тапшырган учурда ал дарсканага катышпаган программалык камсыздоо боюнча техникалык адистердин, окуучуларга лабораториялык иштерди аткаруу боюнча көрсөтмө берүүчү жана аткарылышын камсыз кылуучу адистердин, коомдук байкоочулардын, укук тартибин коргоону камсыз кылуучу кызматкерлердин, медициналык кызматкерлердин, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга керектүү техникалык жардам көрсөтүүчү ассистенттердин катышуусунда текшерүү жүргүзүлөт. Текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду түрүндө ошол эле күнү ТКга тапшырылат. ЖМАны өткөрүүнүн белгиленген тартибинин бузулушу тууралуу апелляцияны кароо учурунда ТК апелляция менен бирге текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну карайт жана төмөнкү эки чечимди кабыл алат: -апелляцияны четке кагуу жөнүндө; -аппелляцияны канаттандыруу жөнүндө; Апелляция канаттандырылган учурда, апелляция берилген сынактын жыйынтыктары жокко чыгарылат жана окуучуга ЖМАнын кошумча жүгүртмөсүндө каралган башка күнү тийиштүү окуу предмети боюнча сынак тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет. -ЖМАны өткөрүү учурунда, билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органы окуучунун ЖМАга тийиштүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыктарын жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат. -Жазуу түрүндө сынак ишине коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляция тийиштүү окуу предмети боюнча ЖМАнын жыйынтыктары жарыяланган убакыттан баштап бир күндүк мөөнөт ичинде берилет. -Коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляцияны кароо учурунда ТК жалпы билим берүү уюмуна ПКнын сынактык ишин текшерүү протоколдорунун жана апелляция берген окуучу аткарган сынактык иштердин көчүрмөлөрүнө сурам жиберет. Бул материалдар окуучуга (апелляцияны кароо учурунда катышкан кезде) көрсөтүлөт. Окуучу (14 жашка чыга элек окуучулар үчүн) ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) катышуусу менен өзү тарабынан аткарылган сынактык ишинин көчүрмөсү көрсөтүлгөндүгүн жазуу түрүндө тастыктайт. -ТК тарабынан ЖМАны өткөрүү учурунда белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу окуучунун апелляциясы канааттандырылган учурда, ПК окуучунун ЖМАда тийиштүү окуу предмети боюнча алган жыйынтыгын жокко чыгаруу, ошондой эле кошумча мөөнөттөрдө ЖМАны тапшырууга укук берүү тууралуу чечим кабыл алат. Эгер тартип бузуулар аталган Жобонун 53-пунктунда көрсөтүлгөн же башка (өздүктү аныктабаган) адамдар тарабынан жүргүзүлсө, анда ПК окуучулардын ЖМАда тийиштүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыгын жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат